***Козубаева Б.У.***
***Кыргызская Академия Образования***

# ТАРЫХЫЙ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН СТАНДАРТЫНДА КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТҮН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

# ОТРАЖЕНИЕ КОМПЕТЕНТНОСТИ В СТАНДАРТЕ ИСТОРИЧЕСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ

***Аннотация:*** *Макалада Тарыхый билим берүүнүн стандартынын өнүгүү тарыхы, тарыхый билим берүүнүн мазмуну жөнүндө сөз болот. Сызыктуу жана концентрдик принциптерди салыштыруу менен алардын артыкчылыктары жана кемчиликтери талдоого алынды. Жаңы стандарттын мазмунун коомдук-формациялык жана цивилизациялык мамиледе түзүүнүн маселелери каралды. Тарыхый билим берүүнүн алкагында негизги компетенттүүлүктөргө аныктама берилди. Предметтик компетенттүүлүктөр аныкталды.*

***Аннотация:*** *В статье освещается содержание исторического образования, и развитие стандартов исторического образования. Были взяты линейный и концентрический метод преподавания истории, сравнение этих принципов, были сопоставлены особенности и недостатки, рассмотрены следующие задачи в развитии новых стандартов цивилизационного и общественно-формационного содержания. Определены ключевые компетентности в преподавании истории. Выделены предметные компетентности.*

***Annotation:*** *The article highlights the content of historical education, and the development of standards for history education. We were taken straight and concentric method of teaching history, comparison of these principles were compared features and drawbacks. There were the following problems in the development of new standards of civilization and socio-formational content. Identifies key competencies in the teaching of history. Obtained substantive competence*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *Билим берүүнүн стандарты, тарыхый билим берүү, сызыктуу жана концентрдик принцип, мазмундук сызык, коомдук-формациялык жана цивилизациялык мамиле, негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр.*

***Ключевые понятия:*** *Образовательный стандарт, историческое образование, линейный и концентрический принцип, содержательные линии, формационный и цивилизационный подход, ключевые и пред-метные компетенции.*

***Key words:*** *Educational standards, historical education, linear and concentric principle, content lines, formational and civilizational approach, key competencies and subject*

Билим берүүнүн стандарты – негизги билим берүүчү программалардын мазмунун, окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмүн жана бүтүрүүчүлөрдүн даярдыгынын деңгээлине талаптарды аныктаган нормативдик документ.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү мыйзамына» (ст.5) ылайык республиканын бардык мектептерине билим берүүнүн стандарты киргизилген. Билим берүүнүн стандарты – Кыргыз республикасындагы жалпы билим берүүчү уюмдары (мектеп, гимназия, лицей) үчүн жетектөөчү окуу-нормативдик документ болуп эсептелет. Негизги жана орто жалпы билим берүүчү мектептердеги тарыхты окутуунун биринчи мамлекеттик стандарты 1997-жылы иштелип чыккан [3]. Анда тарыхты окутуу эки этапка: негизги (5-9-класс) жана орто мектептер (10-11-класс) болуп бөлүнгөн. Бул стандартта биринчи жолу Тарыхты окутууда сызыктуу эмес, концентрдик принцип тандалып алынган. Бул стандарт долбоор гана эле.

2005-жылы Тарыхый билим берүүнүн экинчи стандарты иштелип чыкты. Бул стандарт Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2004-жылдын, 23-июлундагы № 554-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектептик билим берүүнүн Мамлекеттик стандарттарынын жана Билим берүү министрлигинин 2005-жылдын 18-майдагы № 251/1-буйругунун негизинде Кыргыз билим берүү академиясынын алдында түзүлгөн жумушчу топтору тарабынан даярдалган.

Биринчи жана экинчи Тарыхый билим берүү стандарттарынын негизинде мектептик тарыхый билим берүүнүн базалык курсу концентрдик моделде окутулат:

I концентр – негизги мектептеги башталгыч баскыч (5-класс)

II концентр – негизги мектептеги ортоңку баскыч (6-9-класстар)

III концентр – орто мектептеги жогорку баскыч (10-11-класстар)

Негизги жана орто мектептердеги тарыхты окутууда курстун түзүлүшү:

5-класс. Кыргызстан тарыхы боюнча маалыматтык курс;

6-класс. Байыркы Кыргызстандын жана Дүйнө тарыхы (байыркы мезгилден – IX к. чейин)

7-класс. Орто кылымдардагы Кыргызстандын жана Дүйнөнүн тарыхы (IX к. – XVIII к. ортосуна чейин);

8-класс. Кыргызстандын жана Дүйнөнүн жаңы тарыхы (XVIII к. аягынан – XIX к. аягына чейин);

9-класс. Кыргызстандын XX – XXI кк. жана Дүйнөнүн XX – XXI кылымдардагы соңку тарыхы;

10-класс. Кыргызстандын тарыхы: урунттуу учурлар (байыркы мезгилден – XIX к. ортосуна чейин) жана Дүйнөлүк тарых: урунттуу учурлар (байыркы мезгилден Европада капитализмдин орношуна чейин);

11-класс. Кыргызстандын тарыхы: урунттуу учурлар (XIX к. ортосунан – биздин күндөргө чейин). Дүйнөлүк тарых: негизги окуялар (XIX к. ортосунан – биздин күндөргө чейин).

Демек, концентрдик принципте Кыргызстандын жана Дүйнөлүк тарыхтын мазмуну 3 жолу кайталанат. Аталган эки стандарттын негизин түзгөн концентрдик принципке өтүү бул Советтик тарыхый билим берүү системасынан бүтүндөй башкача өзгөрүүгө кадам коюуу дегендик эле. Бул стандарттарды жазуу мезгилинде анын авторлорунун көңүл борборунда биринчиден Эгемендүү Кыргыз Республикасындагы Тарыхый билим берүүнүн мазмунун түзүү турган. Эмне үчүн сызыктуу принциптен концентрдик принципке өтүү керек болду? Бул суроого жооп берүү үчүн эки принципти салыштырып көрүү максатка ылайык (1-таблица)

1-таблица. Сызыктуу жана концентрдик принциптер

| | Артыкчылыгы | Кемчилиги |
|---|---|---|
| Сызыктуу | Материалдар уланмалуулукта окуп-үйрөнүлөт, мазмуну өз ара логикалык жактан байланышта болуп, темалар программада бир эле жолу берилет. Бул окуу мөөнөтүн экономдоп, материалды терең өздөштүрүүгө, окуялардын себеп-натыйжалык байланышын аңдап-түшүнүүгө шарт түзөт | Окуучунун жаш өзгөчөлүгүн эске албай, татаал түзүлүп, кенже жаштагы окуучуларда материалды өздөштүрүү кыйынчылыгын жаратышы мүмкүн. Окуп-үйрөнүлгөн материал бүтүрүүчү класстардын эсинде калбайт |
| Концентрдик | Материалдагы уланмалуулук сакталып, башталгыч (5-кл.) жана негизги (6-9-кл.) класстарда өтүлгөн материалдар жогорку (10-11-кл.) класстарда проблемалык-тематикалык деңгээлде окуп-үйрөнүлөт. Жогорку класстарда негизги окуялардан, хронологиядан турган материалды системага салып жалпылоого, проблемалык, предметтер аралык, тематикалык ой-жүгүртүү менен өздөштүрүү каралган | Бир эле мазмун үч баскычта тең кайталанып, окшош темалардын жана ашыкча маалыматтын көптүгү болуп эсептелет. Башталгыч (5-кл.) класста материал жөнөкөй, негизги (6-9-кл.) класстарда толук, жогорку (10-11-кл.) класста проблемалык-тематикалык берилген эмес. Окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрү эске алынбаган. |

Ошентип, концентрдик принципти тандаганыбыз менен аны колдонууда бир топ кемчиликтерди кетиргенибиз дайын болду. Мындан келип чыгып, Базистик окуу планды кайра карап чыгуу, Билим берүүнүн стандартын жаңылоо сыяктуу милдеттер астыга коюлуп, натыйжада Кыргыз Республикасынын билим берүү мейкиндигинде реформа башталды. Билим берүү системасынын мазмуну акыркы жылдарда олуттуу өзгөрүүлөргө муктаж болуп келген. Буга бир топ ички жана сырткы себептер түрткү болууда. Бул себептер бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, билим берүүгө олуттуу маселелерди жаратты. Эң эле жөнөкөйлөтүп айта турган болсок, бүгүнкү күндөгү мектеп бүтүрүүчүсү мектепте алган билимин турмушунда колдоно албай коомго ыңгайлашууда бир топ кыйынчылыктарга дуушар болуп жатат. Жогоруда айтылгандай, Тарыхый билим берүүнүн мазмунун гана түзүү негизги максат болуп, окуучу алган билимин колдоно алабы? Тарыхый билим алган окуучу кандай компетенттүүлүктөргө ээ болот? деген суроолорго жооп берилбей калган. Ошондуктан, билим берүү коомчулугунун бүгүнкү күндөгү алдына койгон биринчи максаты: компетенттүү инсанды калыптандыруу. Коом талап кылган инсанды тарбиялап чыгаруу үчүн Билим берүү системасынын мазмунун өзгөртүү керек. Өзгө-рүүлөр биринчиден, окуу-нормативдик жактан башталышы жакшы жөрөлгө болуп калды. Анткени, предметтин мазмунун оптималдаштыруу үчүн өзгөрүүнү жогорудан баштоо максатка ылайыктуу. Ошондой эле, Окуу планы жана Билим берүүнүн стандарты Окуу-методикалык ком-плексти түзүүнүн негизи болуп саналат. Стандартты иштеп чыгуу бул татаал маселе. Анткени, мамлекеттик кызматкерден баштап, жөнөкөй жаранга чейин билим берүү тармагы менен байланышкан.

Тактап айтканда, билим берүү системасынын өнүгүүсүнө төмөнкү факторлор таасир этет:

1. Коомдун өндүрүштүк өнүгүү деңгээли жана анын илимий-техникалык негиздерин жакшыртуу. Булар жалпы билим берүү системасынын негиздерин кайра карап чыгууну талап кылат.

2. Билим берүү системасындагы мамлекеттин саясаты. Бул жалпы билим берүү тармагынын өнүгүүсүнө жана алардын ишмердүүлүгүнө таасир этет.

3. Педагогикалык фактор: бардык типтеги билим берүүчү уюмдардын максаттуу өнүгүүсү [4]

Коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөрдөн баштап, жогоруда эсептелген бир топ себептер Билим берүүнүн жаңы стандартын иштеп чыгуу иштерин баштоого шарт түздү. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү мыйзамынын» негизинде, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын, 21-июлундагы № 403 – токтомуна ылайык «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдары (мектеп, гимназия, лицей) үчүн Мамлекеттик стандарттарды» иштеп чыгуу үчүн Билим берүү жана илим министрлигинин жетекчилиги менен Жумушчу топтор түзүлдү. Улуттук өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен дүйнөлүк билим берүү системасынын талаптарына жооп берген предметтик стандарттардын долбоорун даярдоонун үстүндө иш жүргүзүлдү.

Тарых предметинин стандарты бир топ өзгөртүүлөргө дуушар болду. Максат, милдет, тарыхты окутуунун функциясы бардыгы окуучунун компетенттүү инсан болуп чыгуусуна негизделип белгиленди. Келечек муун үчүн даярдалуучу Окуу-методикалык комплекттерде мурдагы кээ бир кемчиликтерди кайталабоо шарты менен Топтомдук принцип сакталды. Стандартта негизги басым компетенттүүлүккө жасалды.

Педагогиканын эң биринчи маскаты окутуу болуп эсептелет. Ал эми заманбап педагогикада «билимдүүлүктүн негизги критерийи – билимдин жана ой-жүгүртүүнүн системалуулугу, билим берүү системасындагы жетишпеген маалыматтарды өз алдынча түзүү жөндөмдүүлүгү» [4] болуп калды. Ошондуктан билим берүүнүн негизги милдети: билимдүү, ошол эле мезгилде алган билимин турмуш-тиричилигинде колдоно алган компетенттүү инсанды тарбиялоо. Окуучулардын компетенттүүлүккө ээ болуусу бул объективдүү маселе. Анткени, билимди өздөштүрүүгө караганда компетенттүүлүктү калыптандыруу – узак процесс. Анын жыйынтыгы кийинки окуу жылында, окуучу жогорку класска көчкөндө көрүнөт.

Андыктан окутуу процессинде муундардын тажрыйбасын кабыл алуучу жана өткөрүп берүүчү акт катары төмөнкү процесстер сөзсүз болуучу көрүнүш:

Окутуу – бул билим берүүнүн ядросу, педагог менен окуучунун өз ара аракетинин негизинде муундардын тажрыйбасын кабыл алуучу жана өткөрүп берүүчү процесс.

Өнүгүү – бул объективдүү процесс, адамдын руханий (психикалык, социалдык, ж.б.) жана дене күчүнүн сандык жана сапаттык өзгөрүүсүнүн натыйжасы.

Калыптануу – бул адамдын анык бир социалдык, экономикалык, психологиялык, идеологиялык, тарбиялык ж.б. факторлордун таасири менен түзүлүү процесси [4].

Мындан келип чыгып стандартты иштеп чыгууда компетенттүүлүк экиге бөлүнөт:

- негизги
- предметтик

Негизги компетенттүүлүк бардык билим берүү тармактарына тиешелүү болуп, ал үчкө бөлүнөт:

1. Маалыматтык
2. Социалдык-комуникативдүү
3. Өзүн-өзү өркүндөтүү жана проблемаларды чечүү

Тарыхый билим берүүдөгү негизги компетенттүүлүктөргө төмөнкүдөй аныктама берилет:

*Маалыматтык* – өз алдынча жана максаттуу түрдө тарыхый материалды тандап, аны менен иштейт; фактыларды, окуяларды, тарыхый инсандардын ишмердүүлүктөрүн салыштырып, анализдейт;

- өз позициясын, ишмердүүлүгүн алынган маалыматты сынчыл ой-жүгүртүүнүн негизинде аныктап, тарыхый процесстердин себеп-натыйжалык байланыштарын түшүндүрөт;
- өз элинин тарыхын, маданиятын сыйлоо менен башка элдердин тарыхына, маданиятына толеранттуулук менен мамиле жасайт.

*Социалдык-комуникативдүү* – өзүнүн кызыкчылыктарын башка элдердин жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен дал келтирип, ар түрдүү баалуулуктарды (диний, этникалык, кесиптик, инсандык, ж.б.) жана позициялардын ар түрдүүлүгүн сыйлоо менен өзүнүн көз караштарын цивилизациялык түрдө коргойт;

- дүйнөлүк цивилизациялардын өнүгүүсүнө таасир эткен факторлорду түшүнөт жана түшүндүрө алат, ошону менен бирге кандайдыр бир маселелерди чечүүдө башка адамдардын жана социалдык институттардын ресурстарын колдоно алат;
- жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде гуманизм идеясын демонстрациялайт, башка элдер жана маданияттар менен мамиле түзүп, ишмердүүлүк жүргүзөт

*Өзүн-өзү өркүндөтүү жана проблемаларды чечүү* – илимий проблеманы алып чыгып, анын

актуалдуулугун негиздейт, маалыматтагы, окуудагы же турмуштагы кырдаалдардагы карама-каршылыктарды таап, кийинки кадамдарында өз алдынча же башкалар менен биргеликте чечим кабыл алат;

- оозеки жана жазуу түрүндө алынган маалыматтарды инсандык, социалдык жана профессионалдык проблемаларды чечүүдө колдонот;
- тарыхый-маданий баалуулуктарга инсандык мамилесин билдирет, тарыхый окуяларга жана инсандардын ишмердүүлүгүнө аргументтүү мүнөздөмө берет

*Предметтик компетенттүүлүк* – бул окуучунун предметти аяктап жатып жетишүүчү натыйжалары. Тарыхый билим берүүдө ээ болуучу компетенттүүлүктөр төмөнкүлөр:

- *Хронологиялык-картографиялык*
- *Тарыхый-цивилизациялык*
- *Этномаданий*
- *Социалдык-жарандык*

Аталган компетенттүүлүктөр жалпы предметтин мазмунун, функциясын, принциптерин, максатын жана милдетин эске алуу менен тандалды.

*Хронологиялык-картографиялык:*

- негизги даталарды атап, анык бир тарыхый окуя менен даталарды дал келтирет, окуяларды хронологиялык ирээттүүлүктө жайгашытарт, анык бир мезгилдеги окуяларды атай алат;
- тарыхый окуялар менен тарыхый картаны дал келтирет, контурдук карта менен иштей алат, картадан тарыхый окуялар болгон жерлерди көрсөтүп, анализ жүргүзөт

*Тарыхый-цивилизациялык:*

- дүйнөлүк цивилизациялардын турмуш-тиричилигине таасир эткен факторлорду, адамдардын руханий жана чарбалык ишмердүүлүгүнүн эволюциясын түшүнөт жана түшүндүрө алат;
- тарыхый окуяларды сүрөттөйт, тарыхый окуялардын өз ара себеп-натыйжалык байланыштарын аныктап, тарыхый окуялардын жана процесстердин тенденциясын, диалектикасын жана карама-каршылыктарын алып чыгып, тарыхый окуя, кырдаал, кубулуштарды салыштырып, анализдейт

*Этномаданий:*

- өз элинин маданий жетишкендиктерин анализдеп, тарыхый-маданий баалуулуктарына аяр мамиле жасоо менен кийинки муунга өткөрүп берүүчү катары аларды сактайт жана коргойт
- адамзаттын тарыхындагы жана өз элинин тарыхындагы материалдык жана руханий жетишкендиктерин сыйлоо менен, башка элдердин маданий мурастарына толеранттуулук менен мамиле жасайт

*Социалдык-жарандык:*

- өз дооруна из калтырган тарыхый инсандардын ысымдарын атап, алардын ишмердүүлүгүнө мүнөздөмө берет, тарыхый инсандарды алар жашап өткөн тарыхый мезгил менен дал келтире алат;
- ар кандай тарыхый доорлордо жашаган адамзаттын жашоосун, турмуш-тиричилигин, муктаждыктарын, кызыкчылыктарын, иш-аракетинин мотивин, дүйнөнү кабыл алуусун жана баалуулуктарын дал келтире алат

Мазмун – билим берүү системасындагы бардык билим тармактарындагы негизги таяныч болуп эсептелет. Тарых предметтин жалпы мазмунун аныктаган «Мазмундук сызык» төмөнкүдөй багыттарга бөлүндү:

- *Тарыхый мезгил*
- *Тарыхый мейкиндик*
- *Тарыхый динамика*
- *Тарыхый инсан*

Тарыхый билим берүүдөгү «мазмундук сызык» - окуучунун мезгилди, мейкиндикти, окуялардын өнүгүүсүн жана ага тарыхый инсандардын катышуусун аңдап-түшүнүүгө жардам берет. Кененирээк айта турган болсок:

*Тарыхый мезгил* – жыл, кылым, миң жылдык, доор; даталардын, окуялардын хронологиясы; даталардын окуялар, кубулуштар менен дал келиши

*Тарыхый мейкиндик* – Кыргызстандын жана дүйнөнүн тарыхый картасы, анын динамикасы, тарыхый топография; ар түрдүү мезгилдерде тарыхый картада болгон өзгөрүүлөрдү, адамдын, коомдун жана жаратылыштын өз ара байланышынын картада чагылдылышы; цивилизациялардын, мамлекеттердин географиялык, экологиялык, этникалык, социалдык, геосаясий жайгашуусу

*Тарыхый динамика* – ар кайсы доордогу коомдун өнүгүү динамикасы, мамлекеттердин пайда болуу, негизделүү жана өнүгүү процесстери, дүйнө элдеринин метариалдык жана маданий өнүгүүсү, баалуулуктардын, көз караштардын, дүйнө таанымдын пайда болушу жана өнүгүшү

*Тарыхый инсандар* – тарыхтагы адамзаттын орду, керектөөсү, кызыкчылыгы, дүйнөнү кабыл алуусу, баалуулуктары; тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүнүн максаты, натыйжалары, тарыхый окуялардын өнүгүүсүндөгү ролу жөнүндө маалымат берет.

Тарыхый билим берүүнүн стандартында тарыхтын мазмунун мурдагыдай коомдук-формациялык эмес цивилизациялык мамиленин негизинде окуп-үйрөнүү көздө тутулууда. Бул эки мамиленин келип чыгуусу жана жалпы мүнөздөмөсү төмөнкүдөй:

Тарыхый процесстин сызыктуу схемасы формациялык мамилени жаратты. Бул теорияга ылайык: өндүргүч күчтөр же технология, коомдук категория катары анын өндүрүүчүлөрү менен айкалышып, алардын андан аркы өнүгүшүнө коомдо жашап жаткан өндүрүштүк мамилелер шайкеш келип турган учурда жашайт. Бул шарт бузула баштаганда өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшү жайлайт. Ал коомдук мамилелердеги төңкөрүштү пайда кылат, бир доор экинчи доор менен алмашылат. Маркс азиялык, антикалык жана буржуазиялык (капиталисттик) өндүрүш жолдорун «коомдук формациянын прогрессивдүү доорлору» катары бөлгөн [7]. Марксисттер аны «коомдук-экономикалык формация» термини менен алмаштырышкан жана аны маркстагыдай бүткүл процесске эмес, анын ар бир өзүнчө стадиясына тиешелүү кылышкан. Жыйынтыгында мындай стадиялар же формациялар бешөө болуп калды, алар: тапка чейинки (алгачкы), үч таптык же антогонисттик (кулчулук, феодалдык жана капиталисттик), акыркысы, башталгыч этабы социализм менен коммунисттик формация. Ушул негизде тигил же бул коомдун өнүгүү деңгээли, анын башка коомдорго салыштырмалуу прогрессивдүүлүгү же артта калгандыгы аныкталган.

Локалдуу цивилизацияларды жактоочулары: немец философу О. Шпенглер: «тарых – бул өзөзүнчө жабык турган жана бири-бирине кошулбай өнүккөн, сегиз жогорку маданияттын тарыхы» [11]; А. Тойнби: «Цивилизациялар салыштырууда гана таанылат; цивилизация өнүгүүнүн айлампасынын төрөлүү, гүлдөө жана кулоо баскычтарын басып өтөт. Коомдун жаралышы чакырык – жооп мыйзамынан келип чыккан» [9]; америкалык социолог жана политолог Д. Белл: «коомдун өнүгүүсү – бири-бирине өткөн үч стадиянын: индустрияга чейинки, индустриялык жана постиндустриянын негизинде жүрөт» [2]; анын жолун улантуучу дагы бир америкалык социолог Э. Тоффлер: «Материалдык өндүрүш Дүйнөлүк тарыхтын негизги критерийи; алар бир нече мезгилге бөлүнөт: агрардык, индустриялык жана постиндустриялык» [10] деген теорияларды негиздешкен.

Бул эки мамиленин салыштырууда төмөнкүдөй жыйынтыкка келүү мүмкүн (2-таблица):

2-таблица. Коомдук-формациялык жана цивилизациялык мамиле

| | Коомдук-формациялык мамиле | Цивилизациялык мамиле |
|---|---|---|
| Жалпы мүнөздөмөсү | Формациялар таптардын (буржуазия менен пролетариат) күрөшүнүн, революциялар аркылуу алмашат. Формациялардын алмашышына материалдык гана факторлор таасир этет, руханий факторлор эске алынбайт. Коомдук өнүгүүдө тарыхый мыйзам ченемдүүлүктөр негизги ролду ойнойт. Адам алардын рамкасында аракеттенет. Тарых – бул сызмактык прогресс, ал токтобостон алдыга кете берет. Коомдук өнүгүү төмөнкү тепкичтен жогорку тепкичке көтөрүлөт. Прогесс – өндүргүч күчтөрдүн жана өндүрүштүк мамилелердин жакшырышына байланыштуу. Объективдүү мыйзам ченемдүүлүктөр жалпы мүнөзгө ээ. Адамдардын ишмердүүлүгү менен ишке ашкан коомдук мыйзамдар негизги болуп эсептелет | Цивилизация бул – коомдун материалдык жана руханий жетишкендиктеринин жыйындысы, өнүгүүнүн жогорку деңгээли. Коомдун руханий өнүгүүсүнө, ар бир коом, мамлекет жана элдердин тарыхынын уникалдуулугуна көңүл бурулат. Тарых – сызмактуу өнүккөн процесс эмес. Т.а. бул процесс – бири-бири менен байланышы жок цивилизациялардын жашоосу жана өлүп жок болуусу. Мында, мисалы, экономиканын өнүгүүсүн окуп-үйрөнүүгө басым жасалса, руханий чөйрө үстүртөн окуп-үйрөнүлөт. Адам – тарыхты бирден-бир жаратуучу, ал өткөндүн жана келечектин борборунда турат. Адамдын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы – коомдун жана тарыхтын өнүгүүсүнүнө кошкон салымы болуп эсептелет. |
| Артыкчылыгы | Ар түрдүү элдердин тарыхый өнүгүүсүндөгү жалпы окшоштукту көрүүгө, адамзаттын тарыхын бирдиктүү процесс катары элестетүүгө шарт түзөт. Коомдун тарыхый өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктайт, дүйнөлүк тарых менен ар түрдүү мамлекеттердин анык бир хронологиялык чектерин сунуштайт. | Конкреттүү коомдун жана элдердин тарыхы ар жактан терең окуп-үйрөнүлөт. Коомдук жашоонун көңүлдүн сыртында калган тармактарын (баалуулуктары, улуттук өзгөчөлүктөрү, руханий жашоосу, психология, менталитет, ж.б.) окуп-үйрөнүүгө багытталат. Изилдөөнүн борборунда адам жана анын ишмердүүлүгү турат. |
| Кемчиликтери | Көптөгөн элдер өнүгүү тарыхында аталган формацияларды, мисалы, Азиянын мамлекеттери жана элдери кул ээлөөчүлүк түзүлүш, капитализм баскычтарын басып өткөн эмес. Формациялык мамилени колдонуу адам факторун, адамдын ишмердүүлүгүнүн ролун өзүнөн-өзү арткы планга жылдырат. Жалпы тарыхтан өзүнчө коомдун, элдердин уникалдуулугуна, өзгөчөлүгүнө жана кайталанбастыгына жетишээрлик көңүл бурулбайт. | Жалпы тарыхка өнүгүүнүн бирдиктүү тарыхый процесси катары кароо мүмкүн эмес. Адамзат тарыхынын бирдиктүүлүгү четке кагылып, бүтүндөй элдердин жана коомдун тарыхы бөлүнүп окутулат. Адамзат коомунун тарыхый өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөө мүмкүнчүлүктөрү азаят. |

Формациялык мамиле универсалдуу, жалпы, кайталанууга, цивилизациялык мамиле локалдык-региондук, уникалдуу жана өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурулат. Ошондуктан, эки мамилени айкалыштырып колдонуу максатка ылайыктуу болот. Цивилизациянын жашоосунда кайсы аспект (экологиялык, социалдык, маданий-диний жана технологиялык) биринчи планга чыккандыгына карабастан, цивилизацияны – татаал, көп компененттүү социомаданий система катары элестетүү илимде орун алган. Формациялык жана цивилизациялык жолдордун өз ара катнаш проблемасы бүгүнкү күндө да маанилүү болуп кала берүүдө. Орус тарыхчысы М.А. Баргдын пикири боюнча: «цивилизация категориясы формация категориясына караганда кеңири түшүнүк. Анткени, цивилизация коомду, анын бардык байланыштарын жана көрүнүштөрүн концептуалдаштырат» [1]. Чыгыш таануучу Л.И. Рейснер: «формациялык жана цивилизациялык жолдор бири-бирин толуктоосу керек, анткени, реалдуу коомдук организмде формациялык жана цивилизациялык башталыштар интеграцияланган жана бири-бирине өтүп турат. Алардын башталышы бирдей эмес: Чыгышта – цивилизациялык, Батышта – формациялык башталыш басымдуулук кылат» [8]

Ошентип, стандарт тарабынан аныкталган билим берүүнүн мазмуну предметтик көндүм ыкмаларды гана эмес, окуучунун индувидуалдуулугун жана социалдашуусун өнүктүрүүчү сапаттарды да калыптандырууга көмөкчү болот. Бул критерийлердин сызыгына түшүп жаңы стандарттарды замандын талабына ылайык иштеп чыгуу көптөгөн ой-толгоолорду, талаш-тартыштарды жаратты. Булардын бардыгы балдарыбыздын келечеги үчүн жасалды. Албетте, жаңы стандартты ишке киргизүү менен биз анын жыйынтыгын бир топ жылдан кийин алабыз.

**Адабияттар:**


1. Барг М.А. Категория «цивилизация» как метод сравнительно-исторического исследования (человеческое измерение)// История СССР. 1991. №5. С.71.

2. Белл Д. «Грядущее постиндустриальное общество» 1972.

3. Государственный стандарт по истории для основной и средней общеобразовательной школы. Сост: А.Идинов. и др.

4. Иванова В.А., Левина Т.В. Педагогика. http://www.kgau.ru/distance/mf_01/ped-asp/00b_soderz.html

5. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамы. 30.04.2003. №92 http://obrazovanie.kg/zakon_ob_obrazovanii/.

6. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары. Бишкек. “Билим куту”. 2006. 249-270-бб.

7. К.Маркс и Ф.Энгельс, Сочинение., 2 изд., т.13,

8. Рейснер Л.И. «Цивилизации» и «формация» в обществах Востока и Запада//Азия и Африка сегодня. 1984. №6

9. Тойнби А.Д. «Постижение истории» Сборник. pdf

10. Тоффлер Э. «Третья волна». pdf

11. Шпенглер О. «Закат Европы» (1918-1922 гг.).